# Дидактика

№8 (27) декабрь, 2023-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити


## Урматтуу кесиптештер! Кымбаттуу студенттер!



Сиздерди кирип келген жаңы 2024-жылыңыздар менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!

Сапары карыган жыл ичинде Сиздер менен бирге мыкты ийгиликтерге жетиштик. Эл аралык кызматташуу, инфрастурктураны өнүктүрүү, илим, технология, интеграция, медицина, маданият жана спорт багытында ОшМУнун тарыхында алтын тамгалар менен жазылып кала турган окуялардын күбөсу болдук. Ал үчүн кубанып турабыз.

Куттуу университетибиздин атын алыска, даңкын далайга чыгарган алгылыктуу демилгелер, натыйжалуу долбоорлор мындан да көп болушуна тилектешпиз.

Жамаатыбыздын ынтымак-ырашкерлиги жана илим-билимдеги ийгиликтери мындан да бийик деңгээлге чыгып, Сиздер менен бирге мыкты максаттарды чогуу багынта берели!

**Ар бириңиздерге бекем ден-соолук, чыгармачылык эргүү, үй-бүлөлүк бакыт каалап, урматым менен Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич**

## Чемпион болууга даярдык күч

ОшМУнун кичи футбол командасына бразилиялык легиончу кошулду. Эскерте кетсек, ОшМУнун кичи футбол командасы Суперлиганын биринчи айланпасында 16 упай алып, турнирдик таблицада 2-орун менен кийинки айланпага өттү.




ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков команданы экинчи айлампага өтүшү менен куттуктап, бразилиялык футзалчы Дениэл Энрикени жамаатка тааныштырды.

Футзалчы Дениэл Энрике буга чейин Бразилиядагы кичи футбол боюнча күчтүү жана мыктылыгы боюнча экинчи орунда турган жаштар курама командасында ойноп келген. Ал 23 жашта. Мыкты чабуулчу, коргоочу катары таанылган.

Дениэл Энрикеден сырткары экинчи айлампада ОшМУнун футзал "Университет" кичи футбол курамасы Марлен Жолдубаев, Мухаммед Аскарбеков, Ильяс Чотбаев, Деннисбек Амандык уулу жана Исломбек Кудайбердиев менен толукталды. Учурда окуу жайдын курама командасында 22 оюнчу ойнойт.

КРдин кичи футбол боюнча ассоциациясынын чечими менен чемпионат жаңы формат боюнча баштапкы, буфердик жана финалдык болуп үч баскычта өтүп жатат.

ОшМУнун кичи футбол командасы алгачкы жолу 2022-жылы Суперлигада оюн көрсөткөн.


## ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ ОШМУ



2-3-беттер

## ОшМУ «Эң мыкты мугалимдердин» фабрикасы

5-бетте

## “Дидактика” гезити 5 жашта



6-бетте

## Устатым жөнүндө учкай кеп



6-бетте

# ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ ОШМУ




Ош мамлекеттик университети илим-билим менен өндүрүш айкалышкан, эл аралык билим берүү мейкиндигине кучак жайган заманбап окуу жайга айланууда. Мезгил талабына ылайык улам жаңы демилгелер колдоого алынып, эл аралык долбоорлорду ишке ашырууга, дүйнөлүк QS рейтингине кирүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Сапары карыган 2023-жылда кандай тарыхый окуялар жүз берди жана алдыда кандай максаттар ишке ашат, ушул суроолорго ОшМУнун маалымат катчысы Зинагул Нуралиева мына жооп издеген.

## "ӨЗГӨЧӨ МАКАМ" – мезгил талабы

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы Жарлыгынын негизинде өлкөдөгү алдыңкы 5 окуу жайдын катарында ОшМУга да "Өзгөчө макам" ыйгарылды. Өзгөчө макамга ылайык билим берүү программаларынын стандарттарын түзүүдөн баштап финансылык, административдик жактан да автономия берилди. Ошону менен бирге мамлекет тарабынан дүйнөлүк QS рейтингине миндикке кирүү талабы коюлду. Бул багытта окуу жайда "Ош мамлекеттик университетинин 2023-2026-жылдарга туруктуу өнүгүүнүн модели" стратегиялык программасы бекитилип, 7 багыттуу стратегиялык приоритеттер жол картасы иштелип чыкты.

## Эл аралык байланыш

ОшМУ учурда QS рейтингинин критерийлерине ылайык, университеттин дүйнөлүк академиялык чөйрөдөгү таанымдуулугун жогорулатуу максатында эл аралык илимий, академиялык жана Бириккен Улуттар Уюмунун туруктуу өнүгүү максаттарына дал келген иш-чараларда активдүү катышууда.

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн 300дөн ашык университеттери менен эки тараптуу кызматташууда. Бул кызматташуу келишимдеринин саны 2022-2023-окуу жылында 309га жетти.

Быйылкы окуу жылында 700дөн ашуун студент, магистранттар, 300дөн ашуун окутуучулар академиялык мобилдүүлүк боюнча келишим түзүлгөн чет өлкөлүк университеттерден окуп, тажрыйба алмашып келишти.

Акыркы бир жылда 38 окуу жай менен эки тараптуу кызматташуу боюнча келишимдер түзүлүп, эл аралык байланышыбыз бир топ кеңейди. ОшМУ АКШ, Кытай, Малайзия, Германия, Франция, Венгрия, Польша, Түштүк Корея, Түркия, Россия, Казакстан, Өзбекстан мамлекеттеринин бир нече ЖОЖдору менен эки тараптуу кызматташуу келишимдерине кол койду.

Белгород мамлекеттик университетинде 5 магистрант кош дипломдуулук боюнча билим алып, жыйынтыгында эки өлкөнүн ЖОЖдорунун дипломуна ээ болушту.

Ал эми Түштүк-Урал мамлекеттик университетинин ортосунда түзүлгөн меморандумдагы кош дипломдуу билим берүү программасы боюнча алгачкы студенттер быйыл эки окуу жайдын дипломун алышат.

Үстүбүздөгү жылы ОшМУда Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинин филиалы - казак тили жана маданияты борбору, М.В.Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин ОшМУдагы Ломоносов атындагы борбору, "Өзбек тили жана маданияты" борбору расмий ачылды.

Ал эми ОшМУнун филиалы Л.Н.Гумилев атындагы Евразия улуттук университетинде ачылса, А.Навои атындагы Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинде ОшМУнун "Ч.Айтматов атындагы кыргыз тили жана маданияты" борборунун расмий ачылышы болду. Алдыда Кытайдын Сиань шаарындагы Сыюань университетинде "Кыргыз тили жана маданияты" борборун ачуу пландалууда.

## ЖАҢЫЛАНГАН ИНФРАСТРУКТУРА

Студенттерге заман талабына ылайык билим берүү жана окутуучулардын эмгектенүүсү үчүн ыңгайлуу шарттарды жаратуу негизги талаптардын бири.

Университетте жалпысынан 27 окуу имарат, 10 жатакана, 80 лекциялык зал, 19 жыйындар залы, 52 лаборатория, 69 компьютердик зал жана 9 тестирлөө борборлору бар. Имараттарга 500 даана видео көзөмөл орнотулган.



2022-2023-окуу жылында ОшМУда "Ак-Буура" кампусунда 5 кабаттуу окуу-лабораториялык корпусу,Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин 5 кабаттуу ветеринардык клиникасы, Искусство факультетине кошумча окуу корпусунун курулушу аяктап, колдонууга берилди.

Андан сырткары Ош шаарынын эски ооруканасынын ордундагы 7 кабаттуу ОшМУнун медициналык клиникасынын, "Ак-Буура" эс алуу жана реабилитациялоо борборунун, Ысык-Көлдөгү "Үмүт" пансионатын курулуш иштери жүрүүдө. Жыл ичи университеттин бардык факультеттери, колледждери капиталдык толук оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү. Жеңил типтеги курулуштар жүргүзүлдү.

## Камкордук көңүл борборунда

Студенттерди ар тараптан калыптандырууда ийримдер, борборлор өз ишин алып барууда, андан сырткары окууда, илимде, коомдук, маданий иштерде ийгиликтерге жетишкен студенттерге ар тараптан колдоолор көрсөтүлүп келет.

Олимпиаданын, эл аралык фестивалдардын, спорттук мелдештердин жеңүүчүлөрүнө атайын белгиленген акчалай сыйлыктар каралган. Ошондой эле социалдык колдоого муктаж студенттерге 5 000 000 сомдон ашуун колдоолор көрсөтүлөт. Университеттин студенттик профилакториясында жылына 400 студент кабыл алынып, ар бир айда 50 студент акысыз дарыланып чыгат.

Эң мыкты 6 студент КР Президентинин стипендиясын, 10 студент ОшМУнун 1,200$ өлчөмүндөгү Атуулдук стипендиясын, 25 студент Окумуштуулар кеңешинин стипендиясын алышты.

Башка окуу жайлардан айырмаланып ОшМУда 1-курска кабыл алынган студенттер ОшМУнун медициналык клиникасынын акысыз кароодон өтүшөт.

Спорт жаатында да ийгиликтерибиз арбын. "Университет-ОшМУ" волейбол кыздар клубу Кыргыз Республикасынын волейбол федерациясы тарабынан уюштурулган кыз-келиндер арасындагы клубдар аралык чемпионатында жана КР волейбол боюнча Президенттин кубогунда 2 ирет чемпион аталды. КРдин волейбол боюнча жогорку лигасындагы клубдар аралык мелдеште ОшМУнун "Университет-ОшМУ" волейбол балдар клубу 2023-жылы чемпион болду. Кичи футбол курама командасы "Супер лигада" финалга жолдомо алды. "ОшМУ-Алдиер" футбол клубу чоң оюнларда өзүн мыкты деңгээлде көрсөтүүдө. Быйылкы жылы Бириккен Араб Эмирлигинин Дубай шаарында өткөн Азия чемпионатында ОшМУнун дене тарбия факультетинин магистранты Гулшаной Сатарова Кыргызстандын кыздар курама командасы менен 21.1 км аралыкка чуркоо боюнча марафондо 1-орунду ээледи.

ОшМУнун искусство факультетине студенттердин окуу шарттарын жакшыртуу максатында музыкалык аспаптар, улуттук кийимдер сатылып алынды. Кыргыз кино, театр өнөрүн өнүктүрүү максатында ачылган Искусство факультетинин киноакадемиясынын материалдык-техникалык базасын чыңдоого, заманбап техникалар менен жабдууга, кесипкөй адистер менен камсыздоого өзгөчө көңүл бурулууда. Киноакадемия ачылгандан тарта 5 спектакль, 9 кыска метраждуу тасма, 1 даректүү тасма, 5 видео клип, 8 массалык оюн-зоок программалары коюлду. Декабрь айында Киноакадемия тарабынан тартылган "Молдо Нияз Эрназар уулу" даректүү-көркөм фильми коомчулук тарабынан жылуу кабыл алынды. Киноакадемиянын студенттери Республикалык "Жаңы жүздөр" театр сынагында бир нече жыл катары менен баш байгени багындырып келет.

## ОшМУ ГОРИЗОНТТОРДУ КЕҢЕЙТЕТ

Эл аралык таанымга ээ болуу үчүн көз карандысыз аккредитацияга жана рейтингге катышуунун мааниси зор. Бул багытта университеттин жамааты бир нече жылдан бери QS дүйнөлүк рейтингинде системалуу иштерди аткарууда.

Кыргыз Республикасынжагы ЖОЖдордун институционалдык рейтингинде (НААР), Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунун Улуттук рейтингинде ОшМУ институционалдык, бакалавриат жана магистратуранын билим берүү программалары боюнча өлкөдө сап башына чыгып, 5 жылдан бери 1-орунду камсыздап келет.

2022-2023-жылы "IAAR EUR" Евразиялык рейтингинде ОшМУ Борбор Азиядагы эң мыкты 3 университеттин катарына кирди. Андан сырткары институционалдык аккредитациядан 7 жылга ийгиликтүү өттү.

## ИЛИМ – ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ

ОшМУ илимий даражалуу окутуучулардын саны боюнча эң чоң окуу жайлардын катарына кирет. Өлкө боюнча илимдин кандидаттарынын жана докторлорунун жалпы санынын 10%дан ашыгы ОшМУда эмгектенишет.

2022-2023-окуу жылында 4 илимдин доктору, 19 илимдин кандидаттары диссертацияларын жактады. Окуу жайда

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

кандидаттык диссертацияларын ийгиликтүү коргогондорго 50 миң сом, докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргогондорго 100 миң сом колдоо көрсөтүлүп келет.

Эл аралык денгээлде таанылган Scopus илимий журналына макалаларын жарыялап, өзүнүн Хирш Индексин жана окуткан багыттын рейтингин жогорулаткан окутуучуларга стимул катары акчалай сыйлык берилип келе жатат. 2023-жылдан тарта Scopus базасында индекстелген илимий журналдарга 12 макала чыгарган 10 автор 15 000 сомдон 75 000 сомго чейин бир жолку сыйлык акы менен сыйланды. Жалпысынан 315 000 сом акчалай сыйлык ыйгарылды.

Профессордук-окутуучулук курамдын электрондук өздүк баракчасы түзүлүп, анда ар бир окутуучуга рейтингге катышууга мүмкүнчүлүк жаралды. 2022-жылдын жыйынтыгында 206 окутуучуга атайын каражаттын эсебинен 2023-жылга ай сайын сыйлык акылар төлөнүп баштады.

Андан сырткары ОшМУнун стимул берүүчү гранттары аркылуу аткарыла турган долбоорлор боюнча атайын сайт иштелип чыкты.

Open Journal System программасынын негизинде ОшМУнун илимий журналдарынын интернет сайты түзүлүп, макала кабыл алуу, рецензирлөө жана жарыялоо толугу менен онлайн түрүндө ишке аша баштады. Окуу жай EIFL консорциумунун мүчөсү катары Mathematical Science Publisher -математикалык журналдардын электрондук топтому ресурсун пайдалануу лицензиясына ээ болду.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын ортосунда Scopus эл аралык илимий-метрикалык маалыматтар базасына жазылууну сатып алуу үчүн консорциум түзүлүп, ОшМУнун провайдерлиги астында Кыргызстандын 15 ЖОЖунда Scopus базасына кирүүгө мүмкүндүк жаралды.

## БИЛИМ БЕРҮҮДӨН - ӨНДҮРҮШКӨ

Окуу жайды өндүрүштүк университетке айлантуу максатында КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин “Инклюзивдүү өнүгүү үчүн көндүмдөр: секторду өнүктүрүү” программасынын алкагында ОшМУда "Алдыңкы тажрыйба борбору" ачылган. Борбордун биринчи кабатында окуу-өндүрүштүк комплекс үчүн тигүү цехтери, программалык жабдуу менен камсыздоочу өндүрүштөр орун алган. Окуу-өндүрүштүк комплексинде 42 заманбап тигүү жана лазерь машинасы орнотулган. Анда студенттер сабактан сыркары жумуш аткарат жана практикаларын өтөйт. Ачылгандан тарта, аткарылган иштердин суммасы 2 млн сомдон ашты.

Университеттин медициналык клиникасында ушул жылы операциялык, жандандыруу жана хирургия бөлүмдөрү ачылып, алгачкы жолу оор операция жасалды. Клиника үчүн атайын шаар тургундарын тейлөө үчүн тез жардам унаасы алынды. Андан сырткары стоматологиялык клиника ишке кирди. Стоматологиялык клиникада 553 оорулуу дарыланып чыкты.

Жакынкы күндөрү кардиохирургиялык ачык операциялар жасоо пландалууда. 2024-жылы 24-июлда Түркиянын Малатия шаарындагы Иноню университети менен биргеликте боор алмаштыруу боюнча Кыргызстанда алгачкылардан болуп операция жасоо күтүлүүдө.

## МААЛЫМАТ ИНФРАСТРУКТУРАСЫ

Университетте бардык кыймыл-аракеттер толук түрдө электрондук форматта ишке ашырылууда. Абитуриент окуу жайга тапшыргандан тартып, колуна диплом алганга чейинки процесс санариптештирилген.

Компьютердик кыргыз илим жана билим тармагы менен болгон келишиминин алкагында Кыргызстандын түштүгүндө биринчи болуп ОшМУ Eduroam Wi-Fi түйүндөрүндө эл аралык роуминг кызматы зымсыз кең тилкелүү кирүүгө, илимий ресурстарга кошулууга, глобалдык инфраструктура идентификация жана аутентификация технологияларына негизделген жумуштарга, эл аралык видеоконференцияларды пайдаланууга, дистанттык окуу үчүн кызматтарга, системалык администраторлор үчүн акысыз окутуу жана квалификацияны жогорулатууга багытталган кызматтарды пайдаланууга шарт жаратты.




Интернет коомунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү менен түзүлгөн өз-ара кызматташуу келишиминин алкагында Кыргызстандын түштүк регионун жана Фергана өрөөнүн тейлеген санариптик трансформациянын концепциясын ишке ашырууну камсыз кылуучу локалдык интернет алмашуу пункту түзүлдү.

Университетте бардык багыт боюнча санариптик платформалар иштелип чыкты. Бул программалар университеттин программисттери тарабынан түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик кызматынын жана инновацияларынын сертификациялоодон өткөн.

## БИЗНЕСКЕ МОТИВАЦИЯ

Университеттин негизги көрсөткүчү сапаттуу бүтүрүүчү болуп саналат. Андыктан өлкө башчыбыздын тапшырмасына ылайык ОшМУда атайын ойлоп табуучулардын чоң ордосу болгон Бизнес парк түзүлүп, иштей баштады. Бул борбор студенттердин ойлоп тубууларын, долбоорлорун ишке ашырууга ыңгайлуу база болуп саналат.

ОшМУнун Бизнес паркы иштеп баштагандан бери 13 жолу тренинг өткөрүлдү. Анын жыйынтыгында 538 бизнес-идеялар инвесторлорго сунушталды. 7 млндон сомдон ашуун 49 бизнес долбоор инвесторлор тарабынан жактырылды жана каржыланды.

ОшМУнун Бизнес паркы эл аралык уюмдар жана алдыңкы ата мекендик компаниялар менен тыгыз кызматташып, жалпы суммасы 6 млндон сомдон ашуун инвестиция тартты.

Жыйынтыгында 2022-жылдын июнь айынан бери жалпы тартылган инвестициянын суммасы 13 млн сомдон ашты.

Бүгүн эл аралык Qs рейтингине кирүүгө ишенимдүү багыт алган Ош мамлекеттик университетинде 2 институт, 17 факультет, 1 жогорку мектеп, 1 дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору, 6 орто кесиптик билим берүүчү окуу жайы, 1 лицей, 1 башталгыч билим берүү борбору, 4 гимназия, 30 окуу-усулдук, маданий-эстетикалык, ресурстук борборлор, 10 жатакана, 2 медициналык клиника бар. Окуу жайда 50 000ге жакын студент билим алат, алардын ичинен 13 000ден ашууну алыскы жана жакынкы чет өлкөдөн келип билим алгандар.

Биздин алдыбызга койгон негизги максатыбыз – дүйнөлүк рейтингдеги университеттердин тобуна кирүү жана өлкөнүн билим берүү, илим изилдөө жаатында өнүгүүсүнө салым кошуу болуп саналат.

ОшМУ – биз менен дүйнөнүн эшигин ач!

**З.Нуралиева,**
**ОшМУнун пресс-катчысы**

# Кытай ЖОЖдору менен кызматташуу



ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков жана Кыргыз-кытай факультетинин деканы Токтосун Айтикеев менен бирге Кытайдын борбору Пекин шаарында өткөн Кытай тилинин дүйнөлүк конгрессине катышып келишти.

ОшМУнун ректору К.Кожобеков “Кытай тилинин өнүгүү перспективалары” аталышындагы конференцияда “Ош мамлекеттик университетинин кыргыз-кытай факультетинин (Конфуций институтунун) жетишкендиктери жана өзгөчөлүктөрү” аталышында баяндама жасап, эки тараптуу кызматашуунун натыйжаларын жана келечегин кеп кылды.

Иш сапардын алкагында ОшМУнун ректору К.Кожобеков КРнын Билим берүү жана илим министринин орун басары Л. Самыкбаева менен КЭРдин Билим берүү министринин жолугушуусуна катышты.

Андан ары ректор эл аралык QS рейтинги боюнча дүйнө жүзүндөгү “Эң мыкты 400” университеттин катарына кирген Кытайдын Сямэнь университети менен ОшМУнун кызматташуу келишимине кол койду. Ошондой эле Борбордук улуттар университети менен биргеликте Орто Азия изилдөө борборун ачуу пландары талкууланды.

# Кыргыз тили жана Ч.Айтматов ааламы

12-декабрь күнү жалпы өлкөдө Айтматовдун 95 жылдык маарекесине арналган иш-чаралар жүз берди. Ооба, бул айта турган сөз. Улуу жазуучубуз кыргызды, кыргыздын жашоосун ааламга тааныткан сөз чебери Айтматовду даңазалабасак анда адамдыкка, улуулукка, көркөм дүйнөгө назар салбаган калк болуп калбайбызбы... Бирок, биз андай калк эмеспиз. Биздин тарыхыбыз терең, сөзгө маани берген, Алыкул, Чыңгыздай залкарларыбыз бар кеменгер калкпыз.

Ошондуктан да, "Кыргыз тили жана Ч.Айтматов ааламы" 3 айлык иш-чарасы жарыялангандан бери ОшМУда бир топ олуттуу, мазмундуу иштер менен коштолду. Ректорубуз, профессор Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич мамлекеттик тилге өзгөчө көңүл буруп, аны өнүктүрүүгө, тил саясатын туура жүргүзүүгө эбегейсиз салым кошту. "Мамлекеттик тил - достукка көпүрө" деген ураан менен Кыргыз-Казак, Өзбек-Кыргыз маданий борборлору ачылды. Андан башка Өзбекстандын Ташкент шаарындагы А.Навои университетинде "Чыңгыз Айтматов" атындагы кыргыз тили жана маданияты борбору ачылды.

Ош МУда 3 айлыктын алкагында мектеп, орто кесиптик окуу жайлар, ЖОЖдор менен байланыштар түзүлүп, мамлекеттик тилди окутуу сапаты боюнча форумдар өткөрүлдү. Ал эми Айтматовдук чыгармалардын галереясы бардык структураларда маданий иш-чара катары үзгүлтүксүз болуп жатты.

Сүрөттөрдүн, көркөм окуулардын, эсселердин сынактарыстудент-жаштардыкитепокуугашыктандырып, Айтматов ааламын таанууга шарт түздү. Мындай иш-чаралардын демилгечиси, ОшМУнун мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректору, доцент




Мастура Шарипова бул иштердин багыты дагы да улана тургандыгын, ар бир ишке ОшМУнун жамааты мыкты иштегендигин баса белгиледи. Ошентип, 12-декабрда иш-чаранын жыйынтыгы чыгарылып, окуу жайдын ректору К.Г.Кожобеков студенттерге, окутуучуларга, китепканачыларга ыраазычылык билдирип, Ардак грамота, Дипломдор, ыраазычылык каттар менен сыйлады.

Жыйынтыгында, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Мастура Шарипова келген конокторго ыраазычылык билдирди.

Биз да ушул иштин катышуучусу, аткаруучусу катары эжекеге терең ыраазычылык билдирип, мамлекеттик тилдин желегин бийик көтөрөбүз деп ишеним билдиребиз.

**Б.Байтикова,**
**ОшМУнун окутуучусу**

# ОшМУ «Эң мыкты мугалимдердин» фабрикасы

Ош мамлекеттик университетинде Ош шаардык, республикалык «Эң мыкты мугалим» сынактарынын жеңүүчүлөрү менен жолугушуу өттү. Жолугушуунун коноктору ОшМУнун сыймыктуу бүтүрүүчүлөрү 2015-жылы Ош шаарында өткөрүлгөн «Эң мыкты мугалим» сынагынын жеңүүчүсү Элвиза Нарымбаева, 2017-жылы өткөрүлгөн Ош шаардык жана республикалык «Эң мыкты мугалим» сынагынын жеңүүчүсү Айжан Абдувапова, 2018-жылы Ош шаарында өткөрүлгөн «Эң мыкты мугалим» конкурсунун жеңүүчүсү Клара Баева, 2019-жылы Ош шаарында өткөрүлгөн "Жылдын жаш мугалими" сынагынын жеңүүчүсү Жапар кызы Бактыгүл, 2022-жылы Ош шаардык жана республикалык "Эң мыкты мугалими" сынагынын жеңүүчүсү Акылбек уулу Нурсултан болушту.

Окуу жайдын студенттери менен болгон жолугушууда Ош шаарындагы №50 П.Нышанов атындагы мектеп-гимназиянын директору, ОшМУнун бүтүрүүчүсү Элвиза Нарымбаева мыкты болуу үчүн студент мезгилден умтулуу керектигин айтты. Учурда "Жетиген" мектеп-гимназиясынын окуу бөлүмүнүн башчысы Айжан Абдувапова "Жашоода адам жакшылыктан да, жамандыктан да сабак алуубуз керек. Жеп, ичип өлүү- бул курт-кумурсканын да колунан келет, бирок адам болуп жаралган соң артында из калтыруу керек", -деген кеңешин айтты. Кечекнин жүрүшүндө студенттерди кызыктарган суроолорго жооп берип, педагогдук кесипти тандоонун өзү мыктылык экендигин белгилешти.

Окуу жайдын атын чыгарган сыймыктуу бүтүрүүчүлөргө ОшМУнун ыраазычылык каты жана белектери берилди.

Иш-чара ОшМУнун коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректор Нуржамал Мапаева жана практика жана карьера борбору боюнча жетектөөчү адис Адылбек Батыралиев тарабынан демилгеленип өткөрүлдү.




Учурда шаардык жана республикалык «Эң мыкты мугалим» жана «Эң мыкты тарбиячы» сынактарынын жеңүүчүлөрү болушкан ОшМУнун 10 бүтүрүүчүсү бар.

# Европанын илимди каржылоо булактары

ОшМУда "Илимий изилдөөнүн Европада жана Германияда каржылоо булактары (Нанотехнологияны турмушта колдонуу мисалында)" аттуу илимий-методикалык семинар өттү. Семинарга спикери Германиядагы Нанотехнологиянын илимий борборунун илимий координатору, техникалык илимдердин хабилдүү доктору, профессор Талант Рыспаев болду.

Иш-чарага университеттин илимий-техникалык кеңешинин мүчөлөрү, илимий долбоордун жетекчилери, илимий борбор, илимий институттун жетекчилери, декандар, кафедра башчылар жана декандын илимий иштер боюнча орун басарлары, андан сырткары магистранттар жана аспиранттар катышты.




Илимий-методикалык семинардын биринчи бөлүгүндө Нанотехнология жана аны колдонуу жөнүндө, ал эми экинчи бөлүгүндө Европанын жана Германиянын илимди каржылаган фонддору, долбоорлорду жазуу жана аткаруу боюнча маалыматтар айтылды.

"Азыркы тапта дүйнө жүзүндө техника илимдери, IT технология багыттарына суроо-талап жогору болуп жаткандыгы талашсыз. Семинар Азия өлкөлөрүндөгү Европанын жана Германиянын кайсы фонддору менен кайсы багыттарда келишимдерди түзүп, эл аралык долбоорду аткарууга боло тургандыгы боюнча профессордук-окутуучулук курамга кененирээк маалымат жеткирүү максатында уюштурулду. Профессор Талант Рыспаев жалпы катышуучулардын бул багыттагы суроолоруна ылайык жоопторду берди", -деп билдирди Илим жана инновация бөлүмүнүн башчысы Нуржамал Курбанбаева.

Профессор Талант Рыспаев эл аралык деңгээлдеги белгилүү окумуштуулардын бири. Ал Германияда 20 жылдан ашуун илим менен алектенип, студенттерге металлургия жана машина куруу боюнча лекцияларды окуп келет. Окумуштуунун эмгектери учурда медицина, авиация, машина куруу тармактарында кеңири колдонулат.

# Мыктынын мыктысы аныкталды

Бул жылы спорт жаатында ОшМУнун ийгилиги арбын болду. Атап айтканда, "Университет-ОшМУ" волейбол кесипкөй кыздар клубу кыз-келиндер арасындагы клубдар аралык чемпионатында жана КР волейбол боюнча Президенттин кубогунда 2 ирет, ал эми ОшМУнун "Университет-ОшМУ" волейбол кесипкөй балдар клубу 2023-жылы чемпион аталды. Кичи футбол курама командасы "Супер лигада" финалга жолдомо алды. "ОшМУ-Алдиер" кесипкөй футбол клубу чоң оюндарда өзүн мыкты деңгээлде көрсөтүүдө.

ОшМУнун ректору, профессор Кудайберди Кожобеков 2023-жылды университетте "Сергек жашоо жана ден-соолук жылы" деп жарыялаган болчу. Бул ураандын астында көптөгөн алгылыктуу иш-чаралар өтүп, жамааттын спортко мамилеси өзгөргөнү байкалды.

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын ортосунда өткөн быйылкы спартакиадага эмгек жамаат жигердүү катышты. Жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземине ректор К.Кожобеков катышып, спорттук мелдешке катышкан жалпы кызматкерлерге ийгилик каалап, ыраазычылык билдирди.

Спартакиаданын жыйынтыгында командалык эсеп боюнча 1-орунду Индустриалдык-педагогикалык колледж, 2-орунду STEM инновациялык колледжи, 3-орунду Бизнес жана менеджмент факультетинин командалары ээледи.



Сыйлоо аземинде спорттук мелдеште мыктылыгын көрсөткөн катышуучуларга "Мыкты оюнчу", "Мыкты чабуулчу" жана "Мыкты коргоочу" номинациялары ыйгарылды.

Жеңишке жеткен командалар, мыкты оюнчулар окуу жайдын жана кесиптик бирликтин дипломдору, кубоктору жана акчалай сыйлыктары менен сыйланышты. Спартакиаданын байге фонду 100 миң сомду түздү.

Профессордук-окутуучулук курамдын ортосунда өткөн спартакиада спорттун 7 түрү волейбол, баскетбол, футбол, стол тенниси, тогуз коргоол, ордо жана шахмат боюнча болду. Мелдештерге окуу жайдын бардык факультеттеринен, колледждеринен, мектеп-лицейлеринен командалар катышты.

Мелдештер 40 жашка чейинки жана 40 жаштан жогорку аялдар жана эркектер арасында өттү.

# "Дидактика" гезити 5 жашта

Ош мамлекеттик университетинин "Дидактика" гезитинин 5 жылдыгына карата "Интернет доорунда гезиттин орду" аталышында форум болуп өттү.

Форумга ОшМУнун Коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору Нуржамал Мапаева, Баткен облустук "Баткен таңы" гезитинин башкы редактору




Адылбек Акматов, Жалал-Абад облустук "Акыйкат" гезитинин башкы редактору Байгазы Раимкулов, Ош облустук "Ош жаңырыгы" гезитинин башкы редактору Асанбек Каракозуев, Сүлүктү шаардык "Шахтёр жолу" гезитинин башкы редактору Кенжегул Абдыкалыкова, Ош шаардык "Ош шамы" гезитинин башкы редакторунун орун басары Дооран Токтошев, "Ноокат таңы" гезитинин башкы редактору Нуркамил Абдуллаев жана "Дидактитка" гезитинин редактору Тургунбай Алдакулов баштаган редакциялык топ, журналисттер, ОшМУнун Журналистика факультетинин окуучулары жана студенттери катышты.

Иш-чарада жаңы медиа өнүккөн заманда гезиттерди сактап калуунун чаралары, басма сөз каражаттарынын орду талкууланып, гезиттердин окумдуулугун арттырууга жана редакцияларда интернет ресурстарын иштиктүү пайдаланууга багытталган биргелешкен иш-чараларды жүргүзүү сунуштары айтылды.

Гезиттин редактору Тургунбай Алдакулов "Дидактика" гезитин түптөөгө жана коомдогу ордун бекемдөөгө салым кошкон ОшМУнун Кесиптик Кошуунун төрагасы Абсамат Саттаровго, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Замир Божоновго, ОшМУнун ректорунун жардамчысы, акын Мелис Маматжановго, алгачкы редактор, журналист Каныкей Жороевага жана гезиттин дизайнери, "Жигер" клубунун төрагасы Дүйшөнбек Бектемир уулуна "Алкыш" барагын тапшырып, ыраазычылыгын билдирди.

Форумдун алкагында облустук, райондук жана шаардык гезиттеринин башкы редакторлорунун бириктирген "Алтын калем" клубу түзүлүп, резолюция кабыл алынды.

"Дидактика" гезити ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык басма сөз каражаты болуп саналат.

2018-жылдан тартып жарык көрүп келе жаткан гезит учурда 1800 нуска менен ай сайын чыгат. Гезит ОшМУнун профессордук-окутуучулар жамаатына жана университеттин китепканаларына акысыз таратылат.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

# КЛЕТКАНЫН МИТОХОНДРИЯСЫНДА ЖҮРҮҮЧҮ Г. КРЕБСТИН АЙЛАНУУСУН ТҮШҮНДҮРҮҮДӨ ЛАЙФХАК ЖАНА МНЕМОТЕХНИКАНЫН КОЛДОНУЛУШУ




**ОшМУнун медицина факультетинин "Жалпы, клиникалык биохимия жана патофизиология кафедрасынын доценти, биология илимдеринин кандидаты Молдалиев Жоомарт Тумакович.**

Киришүү. Урматтуу кесиптештерим, билим берүүдө ар түрдүү усулдар колдонулат. Учурда жаштарыбыз интернет ааламын көп колдонууда. Биохимия, клиникалык биохимия дисциплинасын окутууда "Лайфхактар жана мнемотехниканын" колдонулушу актуалдуу. Учурда мектептерден (гимназия, кесиптик лицей), башталып жогорку окуу жайларындын (биология, агрономия, ветеринария, медицина) окуучу, студенттерге клетканын митохондриясында жүрүүчү Г.Кребстин айланусун түшүндүрүүдө лайфхак жана мнемотехниканын усулдук колдонулушуна мисал келтирилди.

Лайфхак - бул белгилүү бир көйгөйдү же оор биохимиялык процесстерди чечүүгө жардам берген пайдалуу кеңеш. Мнемотехника - эс тутумду жогорулатууга кызыктырган жана маалыматты жаттап калышын жеңилдеткен ыкмалардын жыйындысы.

Ар бир тармактын жашоону жеңилдеткен сырлары бар. Тирүү организмдердин (өсүмдүк, жаныбар, адамдар) клеткасындагы эки мембраналуу органоид митохондрияда жүрүүчү (Г. Кребстин айлануусу) көп баскычтуу биохимиялык процесс, аны түшүндүрүү эң оор маанилүү маселе болуп келет ал 1-сүрөттө көрсөтүлдү.




*1-сүрөт. Клетканын ичиндеги митохондриянын Г. Кребстин айлануусунун схемасы.*

**Түшүндүрүү максатта мисал катары Г. Кребстин айлануусу жөнүндө "Айланат" деген аталышта мнемоникалык ыр жазды.**

## АЙЛАНАТ


Глюкозадан башталат, пируватка такалат.
Оксалоацетат Ацетил-КоА кошулуп цитратка айланат.
Цитрат аконитатка, изоцитратка айланат.
Изоцитрат α-кетоглутаратка, Сукцинил-КоА дагы айланат.
Сукцинат фумаратка айланып, фумарат L-малатка айланат
L-малат оксалоацетатка айланат, ал дагы айланат.
Натыйжада баардыгы энергияга айланат.
Айланууну билбесеңер экиге билип алсаң бешке дагы айланат.

Тирүү организмдердин клеткасынын митохондриясында жүрүүчү Г. Кребстин айланусун түшүндүрүүдө лайфхак жана мнемотехниканы колдонуп студенттерди активдештирсе болот.

Биология, агрономия, ветеринария, медицина адистигинде окуган бардык студенттер жеңилдетип окуу жолдорун издешет.

Бул техниканын маңызы бир нече (тексти, формуланы, сөздөрдү) жана аныктамаларды оңой байланыштыруу болуп саналат. Күлкүлүү окуяны эстеп калуу алда канча оңой болот. Окуя канчалык парадоксалдуу жана фантастикалык болсо, ал ошончолук оңой эсте калат.

Методдун артыкчылыктары: алдын ала даярдоону талап кылбайт, чыгармачылыкка үйрөтөт, кызыктуу күлкүлүү болуп эста калат.




Митохондрияда жүрүүчү Кребс айлануусун окутууда лайфхактар жана мнемотехниканын колдонулушун мисал катары көрсөтүлдү.

Митохондрия клеткага (организмге) энергия (кубат) берүүчү булак (станция) эске алып, андагы энергиянын пайда болуу этабын түшүндүрүү зарылдыгы келип турат.

Жыйынтыктоодо биоэнергетикалык заттар (углевод, белок, май) клетканын митохондриясында Г. Кребстин айлануусунун натыйжасында мультиэнзимдик системалардын жардамында толук ажырап (12Х2=24) Аденозинтри форфор кислотасы (АТФ) синтезделип клетканы (организм) энергия менен камсыздалат.

Мында энергия берүүчү булак глюкоза. Глюкозанын толук эмес ажыроосунун теңдемеси жазылды.

$3C_6H_{12}O_6+3x2H_3PO_4+3АДФ=3x2C_3H_6O_3+3x2АТФ+3x2H_2O$


Гликолиздин толук ажыроосунун жана дем алуунун суммалык теңдемеси:

$2C_6H_{12}O_6+2x6O_2+2x38H_3PO_4+2x38АДФ = 2x6CO_2 +2x38 АТФ +2x6 H_2O+2x38 H_2O$

Теңдеменин жалпы жыйынтыгында 6АТФ(гликолизде)+76АТФ (толук кычкылдануудa)=82АТФ синтезделет. Процесс учурунда синтезделген АТФ молекулаларынын энергиясын эсептесек 82АТФх40кДж=3280 кДж энергияны камтыйт.

Макроэргикалык бирикме жана макроэргикалык байланышАТФ-клеткадагы универсалдуу энергиянын аккумулятору (биохимиялык реакциялардын жүрүшүн коштоосу үчүн зарыл). АТФ клетка үчүн энергияны сактап өткөрүп берет.

**$АТФ+H_2O \leftrightarrow АДФ+H_3PO_4+40кДж.$**





Натыйжада, ички мембранасында электрохимиялык градиент (чыңалуу) түзүлөт. Митохондрияда бул электрохимиялык градиент АДФ жана органикалык эмес фосфаттан (Pi) АТФ-синтазанын катализдөөсү менен АТФ синтездейт.

Клетка жана митохондриянын түзүлүшү: а- клетка. б-митохондрия в- митохондриянын мембранасы.1-матрикс, 2-ички мембрана, 3-мембрана аралык боштук, 4-сырткы мембрана.

Өндүрүлгөн энергиянын бир бөлүгү жылуулук түрүндө бөлүнүп чыгат (44,6%). Г. Кребс айлануусу кычкылтектин керектүү көлөмү болгон учурда гана пайда болот. Бул айланууну Г. Кребс ачып, ал үчүн 1953-жылы Нобель сыйлыгын алган.

Организмдин (клетканын) жашоосу үчүн АТФтин мааниси түшүндүрүлдү. Татаал биохимиялык процесстердин жүрүшү үчүн митохондрия энергия менен камсыз кылат; калдыктардан клетканы тазалайт; Ар түрдүү заттарды ташуу үчүн кызмат аткарат ж.б. көптөгөн кызматтарды аткарат.



Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити



# Устатым жөнүндө учкай кеп

Адам тагдыры, келечек - жашоо, эртеңки күн жөнүндө ачык нерсе билинбеген сымал, жеке адамдын бейнеси тууралуу пикир жазуу, сөз кылуу да оор маселе экендигине дагы бир жолу кез келип олтурам. Бөтөнчө, эл оозунда жүрүп, өз доорунун өзгөчө адамы катары сыпатталган, жеке өзүндүн турмуш жолуна чыйыр салып бергенге багыт берген адам жөнүндө сөз кылуу эки эсе жоопкерчиликтүү иш экен.

Алда кандай нерселерди жазып аламбы, туура келеби-келбейби?- деген ойлор менен, батынбай да, чегингиң келип, мококтонуп калат экенсиң.

Бирок, агайымдын өзгөчө күнүн утурлай, өз деңгээлимде, өткөн - кеткен күндөр, мен баамдаган айрым бир сапаттары жөнүндө сөз кылгым келди. Убакыт учкан куш сымал, агай айткандай: “Салаадан куюлган кум, алакандан агып түшкөн суу, тоо боорунан төмөн кулаган таш сыяктуу өтүп кете бере турган туруксуз нерсе” экен.

Агай менен таанышканыма быйыл жыйырма жыл болуптур.

Анда сөз башынан болсун. Окууну бүтүп, филология факультетинде иштеп калдым. Агайларым Т.Нуруев А.Аттокуров, Л.Жусупакматов, Т.Аширбаевдер кеп-кеңеш айтып атты. Алардын: “Илим жактап, билимиңди өркүндөтпөсөң, окуу жайда иштебей эле кой” деген сунуштарын угуп, бүтүрүүчү курста жазган дипломдук ишимди улап, оңдоп - түзөп, кандидаттык иш жазып койгонсуп делдеңдеп алгам.

2003-жылдын жаз айларында ишимди көргөзүп, кеп - кеңеш угуп келүү үчүн, атамды ээрчип, атамдын бир тууган иниси медицина илимдеринин доктору болгон Жунусов Мамытбек агамдын үйүнө Бишкекке бардык. Ыраматылык атам да филолог, илимди түшүнүп баалаган киши эле. Кеч агам иштен келгенде атам:

- Мамытбек, мына бул иниң “кандидаттык иш жаздым, бирөөлөргө көргөзүп, окутуп кетишим керек” деп жатат, эмне кылабыз?-деди.

Агам “Колунан келет бекен, жакшы го жазса, кимге окутасың, тилчилерден кимдерди билесиң?”- деп сурап калды. Ошондо дароо эле оозума азыркы агайым, академик Мусаев Сыртбай Жолдошевич келиптир. Азын-оолак агайдын эмгектери менен таанышып, китептерин окуп калган элем.

Наркы - берки талкуу болуп, “Агайыңды ким тааныйт экен?” дешип, дагы бир тууганыбыз, академик Абыт Ибраимовго телефон кылышты. Анан дароо эле анын үйүнө жөнөдүк. Ал киши да шар, беттегенин аткарган адам болчу.

- Мен да ал киши жөнүндө угуп жүрөм. Таанывасак, барып таанышабыз - деп кесе айтып, бизди сүйүнттү. Эртеси агайдын ишине мени ээрчитип бара турган болушту. Агай ал мезгилде БГУнун ректору экен. Ошентип, агайым менен алагачкы жолу кабинетинде тааныштым. Болгон ишимди көрсөтүп, жазгандарымды таштап кеттим. Бир жумадан кийин кайра келмек болдум.

Илимий темамдын актуалдуу экендигин айтып, ишимди кызыл - жаян кылып, сунуштарын жазып коюптур. Ошондон тарта илим жолубуз бир багытта болуп, үч жыл чогуу иштештик, кеп - кеңешин уктум.

2006-жылы “Кыргыз тилиндеги жай сүйлөмдөрдүн синонимиясы” деген темада агайдын жетекчилиги астында кандидаттык ишимди коргодум. Агайымдан чыныгы илимпоздун жүзүн, адамгерчилик бийик сапатты, илимге болгон ыкластуу мамилени көрүп келем. Ата-баладай, ага-иниден жакын болдук.

- Тартынбай үйгө кел, менде да китептер бар, ошолорду да окуп чыгып, пикириңди ишиңе кошуп жаз - деп жылуу сөздүрүн айтып келди.

Бул жагдайда Замира эжейим жөнүндө да сөз кыла кетпесек болбос.

“Эрди эр кылган да аял киши” делет го. Оштон Таалай, Акыл деген достор болуп, Бишкекке барып калдык. Мен ишимди жаңы эле коргогом. Ал эми досторум илим кылабыз деп жүрүшкөн. Бир илимий адабият жөнүндө сөз болуп калганда, “ал менин агайымдын үйүндө бар” дедим да, агайдын үйүнө ээрчитип жөнөдүм. Үйдө Замира жежейибиз бар экен. Койбой үйүнө киргизди. Ал - ахыбалды сурап, чай коюп, казы - картасынан берип дастарконго жайып курсагыбызды тойгозду. Чыгаарыбызда, “куттуу үйдөн кур чыкпагыла” - деп бирден калпак кийгизди. Эки досум таң калып, эжейдин адамгерчилигине ыраазы болушту.

- Биз аялы эмес, жетекчилерибиздин өзүнө жолугуудан айбыгабыз, а сен болсо баласы болуп алыпсың- деп, аябай суктанышты.

Ооба, эжейдин жөнөкөй мүнөзү, адамгерчилик сапаты өзгөчө. Үй-бүлөлүк катышыбызды да эжейибиз улантты.



Кийин байкасам, Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарынан агайдын биринчи аспиранты болуп илимди коргогон мен болупмун.

Саясат кызып, байлар, колунда бийлиги бар адамдар партия түзүшүп, Жогорку Кенешке депутат болууга жан үрөп, добуш алуу үчүн элди-жерди бөлгөн мезгил болду. Элин сүйгөн, элинин тилин сактап калууга, аны өнүктүрүүгө өмүрүн арнаган агайыбыз ошондой оор учурда “Кыргыз тилин өнүктүрүү” коомун түздү. Жер - жерлерде ячейкаларын уюштурдук.

Эл эмне менен алек, агайыбыз эмне менен алек. Ошондо агайдын чыныгы кыргыз тилинин патриоту, күйөрманы экенине ынандык. Болбосо, байлык чогултуп, саясат менен алектенүү агайдын деле колунан келе турган иш эле. Бирок, ал андай жолго барбады.

Илимде жердештик, туугандык болбойт эмеспи. 2006-2007- жылдары белгилүү илимпоз Л.Жусупакматов докторлук диссертациясын коргоо үчүн Бишкекке каттап жаткан. Экөөбүз чогуу барып, Илимдер академиясынын Тил илими бөлүмүнө ишин талкууга таштап келгенбиз. Талкуунун убагы келгенде өзүбүздүн эле “акаларибиз”:

- Ишиңизди берген эмессиз – деп, талкууну уюштурбай койду. Ошондо Л.Жусупакматов катуу өкүндү, кийинчереек ооруп да калды. Бул окуяны уккан агайыбыз С.Мусаев Л.Жусупакматовду чакыртып, иши кыргыз элинин байыркы жазмалары Саймалуу Таш петроглифтерине арналганын, кыргыз элине керектүү эмгек экенин белгилеп, өзү кеңешчи болууга макулдугун берип, коргоого жардам берди. Өзү ооруп, сүйлөй да албай аткан адамдын чыныгы эмгегин баалоо, ага адамгерчилик кылуу ар бир эле илимпоздун колунан келе бербейт эмеспи. Бул ишке бүтүндөй ОшМУнун эмгек жамааты өтө ыраазы болду. Дегеле, Кыргыз филологиясы факультетинин тил илими багыты боюнча жактаган бардык эле кандидаттарына агайыбыздын эмгеги зор.

- Аймактардан илимпоздор чыксын, тилибизди өнүктүрүүгө өз салымдарын кошсун- деп, атайын кеңештерде көп айтчу. Азыркы филология факультетинде эмгектенип жаткан ондон ашуун кандидаттардын баары агайыбыздын кол кабышы, кеп - кеңеши менен кандидат болушканын баарыбыз эле билебиз. Бирок, “кам сүт ичкен пендебиз” да, айрым учурларда ошондой жакшылыктарды унутуп, асмандан кандидат болуп түшкөндөй пейил күткөндөргө өкүнүп коём. Улуу адамдар андай майда - чүйдө нерселерге көнүл да бурбайт экен, биздин агай да - ошондой.

Ошто чогуу иштеген менин досторум менен да агайдын мамилеси жакшы болуп жүрдү. Бир күн агайым чалат:

- Биз эжейиң экөөбүз Оштобуз, баягы мен тааныган досторуңду топто, академиктин айлыгынан силерге бир чай алып берип кетейин”, - деп калды. Топтолуп, агайдын чайын ичтик. Баарыбыз агайдын жөнөкөй пейилине ыраазы болдук.

Досторум:

- Пешенең бар экен, жетекчиң академик сага чай алып берип жүрөт, кудай сага ушундай жакшы адамды жолуктуруптур,- дешип, ар дайым сөз кылып келишет. Ооба, мен да агайга шакирт болгонума сыймыктанам. “Академик Кенесбай Мусаевдин шакирти Сыртбай Мусаев “шакирт” деген ыйык атты актап келет. А бирок менчи, актай аламбы?- деген оор суроо ар дайым көкүрөгүмдө турат.

Жаза берсек, агайдын адамгерчилик сапаттары түгөнгүс. Илим жаатында да шакирттери жазар... Мен агайымдын адамгерчилик сапаттарынын учкунун гана айта алдым. Агайыбыздын эл алдында, журт алдында жасай турган кызматы али да астыда.

Агай, Сизге бекем ден соолук, бакубат жашоо каалаймын.

Торколуу 70 жылдык маарекеңиз кут болсун!

**Сизди терең урматтоо менен шакиртиңиз, иниңиз Алмазбек Жунусов, филология илимдеринин кандидаты, ОшМУнун доценти**

Б.Тургунбаева:

# «ОшМУга мени студенттик ишим байлады»



Университетибиздин атын алыска чыгарган мугалимдерибиз арбын. Алардын бири - Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент Бактыгуль Жээнмырзаевна Тургунбаева. Бактыгүл эжекени эмгек жолу боюнча кепке тарттык.

***- Бактыгүл эжеке, сөзүбүздүн башында туулган жериңиз, үй-бүлөлүк абалыңыз тууралуу кеп баштасак, кайсы жердин кызы болосуз?***

- Мен айтылуу Аксы районунун Жаңы-Жол айылынын кызымын. Аксынын Кербен шаарында, мугалимдердин үй-бүлөсүндө 1972-жылы туулгам. 1989-жылы “Ленинчил жаш” орто мектебин, 1995-жылы ОшМУну артыкчылык диплому менен аяктагам. Учурда үй-бүлөлүмүн, 2 кыз, 1 уулдун энесимин.

***- Үлгүлүү үй-бүлөнүн кожойкеси экенсиз, кубанычтабыз. Эжеке, илим жолунда жазган китептериңиз тууралуу айтсаңыз,***

- Жакшы сөзүңөр үчүн рахмат. Менин илимий иштерим боюнча эки китебим жарык көргөн. Алардын бири – “Эффективдүү академиялык жазуу” деп аталса, экинчиси – “Dictionary of selected collocations” деп аталат. Андан сырткары бир нече илимий макалаларым бар. Алардын айрымдары Scopus жана РИНЦ басылмаларында жарык көргөн.

***- Негизги илимий ишиңиздин темасы кандай болчу?***

- Диссертациялык жумушумдун аталышы “Англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштары” (кыймыл этиштеринин мисалында) деп аталат. 2020-жылдын 30-октябрында кандидаттык ишимди коргогом.

***- Дүйнөлүк тилдер факультетинде эмгектенет экенсиз, чет өлкөгө стажировкаларга да чыгып турасызбы?***

- Ооба, чет элге чыгып турбаса илимий-педагогикалык ишкердикте ийгилик жаратуу кыйын. Бул багытта Тажикстандын Душанбе шаарында, Казакстандын Түркестан шаарындагы Ал-Фараби университетинде, Өзбекстандын Наманган, Андижан жана Ташкент шаарларындагы мамлекеттик университеттеринде тажрыйба алмашуу сапарларында болуп, ал жердеги кесиптештер менен жакындан таанышканмын. Ошондой эле Erasmus программасынын алкагында Польшанын Билосток мамлекеттик университетинде шаарында өткөн стажировкага да катышып келгем.

***- Илим, педагогика жолунда шакирт өстүрүүгө кандай көңүл бурасыз? Мүмкүн болсо шакирттериңиз тууралуу да айта кетсеңиз?***

- Туура айтасыңар, өз кесибин сүйгөн ар бир адис шакирт өстүрүүгө жакшы көңүл бурат. Бизде билим алып, кайсы бир теманы андан ары иликтөөгө кызыккан студенттерди ар дайым колдогум келет. Алардын арасында Венера Токторова, Ташполот кызы Аида, Айнура Турдубекова, Ташкан Тагаева сыяктуу жана башка ондогон жаштарды өзүмө жакын санап, билген билим-тажрыйбамды аларга үйрөтүп келем.

***- Ушул жерде устатыңыз тууралуу да айта кетпесеңиз болбой калды, сизди илим жолуна шыктандырган, дем берген устатыңыз ким?***

- Мага илим жолунда ар дайым дем-күч берип, жол көрсөтүп келген устатым, бул филология илимдеринин кандидаты, доцент Калыгулова Сабыркуль Шамситдиновна.

***- Илим жолуна кантип келип калгансыз?***

- Илимий-педагогикалык жумушка кызыгып калуума, албетте биринчи кезекте үй-бүлөдөгү ата-энем багыт берген. Мектептеги англис тил мугалимим Шатманова Сабира деген эжекеймдин өзгөчө таасири менен мен дагы англис тил мугалими болууга кызыгып калгам.

***- Ал эми Ош мамлекеттик университетинде иштеп калууңузга кандай себеп болду?***

- Университтте иштеп калуумдун себеби,университеттин профессору Александр Наумович Лисс деген агайыбыздын салымы чоң. Чет тилдер факультетинде 3-курста окуп жатканыбызда агай бизге студенттердин конференциясына баяндама даярдоо тапшырмасын берди. Менин докладымды профессорго жаккан экен, ошол иш чарадан кийин факультеттин мугалимдеринин назарына илинип, түрдүү иш чараларга активдүү катыша баштадым. 4-курсумда окуп атканымда факультетке адистер таңкыс болгондуктан бүтүрүүчү курстардын ичинен адистерди тандап алуу үчүн сынак жарыяланып, ал конкурста кыргыз тайпаларынын арасынан жеңип алгам. Ошол күндөн баштап ушул факультетте иштеп калдым. Мага туура жол көрсөткөн жалпы агай-эжейлериме Калиева Г.К, Лалаева Ф.Д, Абдугулов С.А, Ахунжанов Б.А., Кулназаров А.К, Анарбаев А.А, Масирова Г.М., Галимова Э.С, Паниткова А.А, Кожонтаева А.А, Мирасова А.К, Кадыров К.П. Мараш-Оглы Ш.В. агай-эжейлерге ар дайым ыраазымын.

**Маектешкен: Назима Абдусаламова, “Дидактика” гезитинин кабарчысы**

# ЖАЛКООЛУК ЖАНГА БАТТЫБЫ? АНДАН АРЫЛУУНУН ЖОЛУ БАР...

Эгер инсан жалкоолукка моюн сунбай, чалыкпастан үзгүлтүксүз, максаттуу барса, даражасы көтөрүлөт жана тарбиялуу жетик адам болот. Жалкоолук терс сапат экенин билгенибиз менен көбүнчө ошол терс сапаттар өзүбүздө бар экенин байкабай калабыз. Өзүн-өзү тарбиялоодо бир же бир нече жакшы көнүгүүлөр бир нече терс сапаттарды кыскартып, жоюшу да мүмкүн. Эгер адам эмгекчил, тырышчаак, чыгармачыл изденүүчү, тынбай мээнеткеч сапаттарын өзүндө пайдаланып, тынымсыз өстүрө алса, кубатка кирип жалкоолук жана ыкшоолук сыяктуу терс сапаттарды жеңе алат.

## Жалкоолук деген эмне?

Врач-психиатр Евгений Фоминдин айтымында, “жалкоолук – бул адамдын өзүнө болгон ишенбестиги жана алдыга койгон максатын ишке ашыруудан күмөн саноосу”.

Ал эми өзүнө ишенбестик адамды кандайдыр бир ишти аткаруу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратат. Өзүнө болгон ишенимин жоголгонуна байланыштуу чоң иштерди баштоодон коркот. Демек, жалкоолук бир гана бир ишти кылуудан качуу, же көп уктоо, же кыймылсыздык болуп гана чектелбестен, максаттарга жетүүдө тоскоол болгон негизги көйгөйлөрдүн бири десек да жаңылышпайбыз. Бул жакшы жашоого болгон аракеттин жоктугунан жана эмне кылуубузду билбегендиктен келип чыгат. Мындай учурда эмне кылуубуз керек?

Бул көйгөйдү жеңүү үчүн биз алдыбызга чоң максаттарды коёбуз, максат коюп гана тим болбостон ага жетүү үчүн колдон келишинче аракеттинип туруубуз зарыл. Мындайча айтканда, максатыбызга жетүүнү өтө эмоционалдуу деңгээлде бир орунда тура албай тыбырчылап каалашыбыз керек. Мына ушул биздин чыныгы максаттуу жашоо!

Максаттарыбызга план түзгөнүбүздө, биз сөзсүз анын убактысын белгилеп коюбуз абзел. Эмне үчүн дегенде, качан биз максаттарыбыздын убактысын белгилеп аракет жасасак, ошол убакыт жакындашкан сайын биз көбүрөөк аракет жасайбыз. Жана бул ыкма максаттарыбызга тезирээк жетүүбүзгө жардам берет.

Биз убакытты пайдалуу пайдаланышыбыз керек, себеби адамзаттын өмүрү мүнөт сайын кыскарып бара берет, демек, өмүр убакыттан турат. Убакыт өткөн сайын, адамзаттын өмүрү да өтүп бара берет. Өмүрдүн маңызы - максат. Биз башка көйгөйлөрдү, мамилелерди четке сүрүп, алдыбызга чоң максаттарды коё билсек эмгектин рахаты бизди өзүнө тарта баштайт. Туура уюштурулган эмгек процессинде балдардын эрки, чыдамкайлыгы өнүгүп, тапкычтыгы өсөт.

И.Д.Ушинский эмгектин касиети жөнүндө “Эмгектин – натыйжасы байлык” жана “Эмгек – адамды өстүрүүчү кудурет” деген таамай сөздөрдү айткан.

## Жалкоолук – оорунун булагы

Жалкоолук акеырындык менен жашоонун майда-чүйдөсүнө чейин кирип отуруп адамдын организимине көптөгөн ооруларды алып келет. Оорулардын пайда болушуна тукум куучулук, бөтөн вирустардын басып кириши ж.б.у.с. көптөгөн факторлор бар, бирок жалкоолуктан келип чыккан оорулар дагы аз эмес.

Жалкоолуктан келип чыккан оорулардын бири бул - өттөгү таш. Биз көп учурда эрте мененки тамагыбызды жегенге жалкоолонобуз. Эртең менен ойгонгонубузда дагы бир нече мүнөт уктайын азыр турам деген шылтоолор менен тамактанбайбыз. Биз узак уйкудан турганыбызда ашказаныбыз бош болот. Эгер ушул учурда тамак-ашты өз убагында бербесек, анда өт баштыкчабызда холестерол көбөйүп убакыттын өтүшү менен өт таштары пайда болушу мүмкүн. Демек, өттөгү таштар сууну аз ичкендин гана себебинен эмес, эрте менен тамакты ичпөөнүн натыйжасында да келип чыгышы мүмкүн. Өттөгү таштын оорушун азайтуу үчүн эрте мененки тамакты убагында ичип туруу абзел.

Экинчи жалкоолуктун айынан келип чыккан оору бул - пневмания. Бул кеңири тараган оорулардын бири болуп, бул ооруну козгогон көптөгөн факторлор бар. Мисалы; тамеки чегүү, чаң бөлүкчөлөрү көп жерлерде жашоо. Чындыгында тишти жуубоо дагы пневмонияга алып келиши мүмкүн. Тишти жууганга эмне үчүн жалкоолук кылабыз? Бул биздин ден-соолугубузга зыян экенин билебиз го. Биз тишибизди жуубаганыбызда ооз көңдөйүбүздө бактериялардын көбөйүшүнө алып келет. Тамактангандан кийин тишибизди тазалабасак, анда тамак-аштын калдыгы микроорганизмдерге багытталат. Биз шилекейди көп бөлүп чыгарабыз жана бул шилекей денебизге таштандыларды жана бактерияларды ташыйт. Эгер биздин денебиздин каршылыгы өтө начар болсо, анда бул микробдор денеге киргенден кийин өпкөгө сиңип, биринчи болуп өпкөгө жугат. Андыктан гигиенаны сактап тиштерибизди жууп жана бөлмөбүздү таза сактап, чаң бөлүкчөлөрүнөн тез-тез тазалап туруубуз керек.

Мындан тышкары, микробдордун баары микроорганизмдер жана алар биз көрө албаган жерлерге катылган. Тамактанаардын алдында колубузду жуубасак, микробдор тамак менен бирге организмибизге кирип, акыры кызыл өңгөч аркылуу ашказан, ичеги системасына жетет. Патогендик бактериялар жылуу жана нымдуу ичеги-карын системасында көбөйүп, каптап, акыры гастроэнтеритке себеп болот. Андыктан курч ичеги-карын инфекцияларынан сактануу үчүн тамактануу алдында жалкоолукту жеңип колубузду батбаттан жууйлу. Биз өз ден соолугубуз үчүн жалкоолук кылбашыбыз керек.

## Жалкоолук ислам дининде

Дин аалымы Жалилов Чубак ажы: "Эгерде бир адам жалкоолук кылса, жалкоолукту өзүнө сиңирип ала турган болсо, бул инсанияттан чыгып кетет. Инсанияттан гана эмес, балким айбаниyattan да чыгып кетип, өлүктөрдүн катарына кошулуп калат. Андыктан, сен келечекте чарчагың келбесе чарчабашың үчүн жаша. Эгерде кимде ким жалкоолукка таянып, ошону менен ырахат алып жыргайм десе, бул адам жашоонун чыныгы ырахатын жоготот",-деп айткан.

Бул жерде устаз талыкпай изденип окуу керек экенин, илим алып, көп нерселерди үйрөнүү зарылдыгын эскертип атат.

Пайгамбарыбыз (с.а.в.) да өз дуаларында Кудайдан ушул жалкоолуктан, жалкоо болуп калуудан сакта деп дуба кылган. Чындыгында мусулман бир туугандар бул жалкоолук динибизде дагы оң сапат катары эсептелбейт. Демек, биз жалкоолук кылуу менен бир гана бул жашообузда ийгиликсиздикке учурабай, акырет дүйнөбүз үчүн да ийгиликсиздикти жаратуубуз мүмкүн экен. Бирок кантип? Биз, бизге парз болгон беш маал намазыбызды окуганга, орозо кармаганга, куран окуганга жана биз үчүн пайдалуу болгон ибадаттарды аткарууга кээде жалкоолонобуз. Бул биздин акыретибиз үчүн өтө зыян.

Чындыгында Алла Таала биздин намазыбызга муктаж эмес же кармай турган орозобузга да муктаж эмес. Бул амалдар өзүбүз үчүн гана керек. Ден-соолугубуздун чын болуусу үчүн абдан пайдалуу. Кудай бизге берип жаткан нематтарга ыраазычылык кылуу жана шүгүр айтуу үчүн, күнүнө болгону бир же, эки саат убактыбызды ибадат үчүн ажырата алсак, жалкоолукту жеңүүгө жакшы жол ачылат.

Аллланын Элчиси (с.а.в) сахабаларына: "Үммөтүм тууралуу эң эле корккон нерселерим: чоң курсактык, көп уктоо, жалкоолук жана "якыйн" (шек күмөнгө жол бербес даражадагы терең, күчтүү ыйман) алсыздыгы",-деп айткан.

## Жалкоолукту жеңүү ыкмалары

Жалкоолукту жеңүү үчүн эмнелерди кылсак болот. Төмөндө айрым ыкмаларды сунуштайбыз:

1. Биз өзүбүзгө болгон көзөмөлдү күчөтүүбүз керек. Муну кантип ишке ашырабыз? Бул үчүн биз, өзүбүз үчүн 1 күндүк план түзөбүз. Ага 1 күн ичинде жасашыбыз керек болгон иштердин тизмесин түзөбүз. Муну түнү эртеңки күнү үчүн жазып койгонубуз оң. Эртеси күнү жасаган жумуштарыбызды белгилеп, майда аткарылбай калган иштерди да "аткарылды" деп белгилеп салуудан алыс болушубуз керек.

2. Биз кыла албай жаткан иштерибизди, напсибиз ырахат алуучу иштер менен байланыштырышыбыз керек. Мисалы, биз эрте менен багымдат намазына туура албай жаткан болушубуз мүмкүн. Анда биз напсибизди алдоого аракет жасап көрүүбүз керек. “Азыр багымдат намазын окуйсуң, андан кийин бир стакан кофе ичесиң” деп, же ушуга окшогон нерселер менен алдоого аракеттенишибиз керек. Туура, бул башында кыйын болушу мүмкүн, бирок биздин напсибиз ушул ыкмага убакыт өтүшү менен көнүп калат.

3. Айыппул берүү. Биз алдыбызга бир ишти аткарууну максат кылып коёбуз. Эгер аны аткарбасак досторубузга же жакын адамдарыбызга айыппул төлөйбүз. Мисал, эрте менен эрте туруну пландаштырабыз да аны досубуз же тууганыбызга айтып, келишим түзөбүз. “Эртен ушул убакта турам, эгер турбасам сага ушул суммадагы акчаны айыппул катары сага төлөйм”, деп келишим түзөбүз. Бул капчыгыңыз үчүн оңойго турбасада мейли. Бирок, бул абал бизди умтулуубузга, өзүбүздү өзүбүз жеңүүбүзгө жардам берет.

4. Кийинки ыкма бул - Мел Роббинстин ыкмасы. Бул ыкманы бир ишти баштай албай жаткан мезгилибизде же чечкинсиз абалда калганыбызда колдонсок болот. Бул кандай ыкма? Бул 5 секунд ыкмасы, тагыраагы эсеп саны бүткөндө ишти баштоо ыкмасы. Ыкманы колдонуу үчүн биз 5тен артка карай эсептейбиз жана 0 санына жеткенибизде бизде эсептөө үчүн башка сан жок калат. Жана бул ишибизди баштоо үчүн түрткү болот. Эгер биз бир ишти аткарууда чечкинсиз абалда калсак, ушул ыкманы колдонуп, ишибизди тезинен баштап жиберсек, мээбиз жалкоолукка реакция кылууга жетишпейт.

5. Эч нерсе кылбоо. Бул бир четинен күлкүлүү же кызыктуу көрүнүшү мүмкүн. Эч нерсе кылбай кантип жалкоолукту жеңем деп ойлонуп жатсаңыз керек. Бирок, бул ыкма бизди кыймылдоого мажбурлайт. Биз бөлмөбүздү ортосуна туруп, эч кандай жумуш аткарбай 15 мүнөт ошол жерде турабыз. Отурбайбыз, үй тазалабайбыз, китеп окубайбыз, дегеле эч нерсе кылбайбыз. Убакыттын өтүшү менен биз зеригип баштайбыз жана кандайдыр бир жумуштарды жасагыбыз келип баштайт.

Бул ыкмаларды сиздин жалкоолугуңузду жеңүүдө аз да болсо өз пайдасын тийгизет деген үмүттөмүн. Бирок, кээде мындай ыкмаларда пайда бербей калат, ал учурда сиз жакындарыңыз, ата-энеңиз, балдарыңыз сизден кандай чоң үмүт кылып жатканын эстеңиз. Себеби, үй-бүлөңүз, балдарыңыз, ата-энеңиз сизден үмүттөрү чоң! Муну эч качан унутпаңыз. Алар сизге ишенет жана сизден көп нерселерди күтөт. Сиз алар үчүн да, өзүңүздү келечегиңиз, акыретиңиз үчүн да бул “жалкоолук” деген сапатты жокко чыгаруунуз керек. Бул үчүн сизден көп нерсе талап кылынбайт, болгону эркиңизди тарбиялоону үйрөнүңүз.

**Абдусаламова Назима,**

**Дүйнөлүк тилдер жана маданият факултети**

***Макала ОшМУнун кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин факультеттер аралык кыргыз тили практикалык курсу кафедрасынын улук окутуучусу Айгүл Османованын илимий жетекчилиги астында даярдалды***

“Дидактика”
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

**Башкы редактор:**
Тургунбай АЛДАКУЛОВ

**Редакциялык кеңеш:**
Н.Мапаева, Г.Жутанова, А.Батыралиев, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

**Корректор:** М.Турсунбекова
**Фото кабарчы:** Р.Максутов
**Дизайнер:**
Дүйшөнбек Бектемир уулу

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, “ММКны колдоо борбору” басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

**Банктагы реквизиттер:**
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит «ММКларды колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Нускасы: 1800 Буюртма №1940

# Эң мыкты тыңдоочу болуңуз

*"Эң мыкты адам - берген кеңештеринде өзү да жашаган адам"*
**В.Шекспир**

Башка жумушуңузду таштап, жүзүңүздү жана бүтүндөй тулку-боюңузду окуучуга буруп, аны угууга даяр экениңизди билдириңиз. Пикирлешиңизди капталдан кароо, жүзүнө карабоо, же башка иштер менен алек болуу ага көңүл бурбагандык болуп эсептелет. Мугалим окуучуну угуп жатканда эч качан терезеден эшикти, же алдында турган китепти барактап карабаш керек.

Көз карашыңыз да туура болсун. Көз - бүтүндөй маалымат берүү булагы болуп саналат. Эгер бир адам башка сүйлөп жаткан адамдын көзүнө караса, анда ага кызыгып, баарлашууга маани берип жатканын чагылдырат. Эгер көзүн качырса, анда бир нерсени жашыргандыгын билдирет. Пикир алышууда аралыкты сактай билиңиз. Өзгөчө окуучулар менен жекече сүйлөшүп жатканыңызда белгилүү дистанциянын болушу абзел. Бул дистанция 40см жакын 120смден алыс болбошу керек. Окуучуга өтө жакын туруу аны коркутуп, ыңгайсыз абалда калтыруусу мүмкүн. Ал эми аралыктын алыс болуусу пикир алышууну солгундатышы мүмкүн.

Тулку-боюңуз түз болсун. Тулку-бойдун түздүгүндө дененин жана колдордун абалы маанилүү. Эгер отуруп сүйлөй турган болсо, мугалим окуучуга карай тулку-бою менен бурулуп, азыраак ийилип сүйлөөсү керек. Колдорду кайчылаштырып көкүрөккө алуу ортого жолто коюп, өзүн сүйлөшүп жаткан адам пикирлерине каршы келүү, же коргонуу маанисин чагылдырат.

Башка ойлордон арылып, көңүлүңүздү сүйлөшүп жаткан адамдын эмне дегенине буруңуз. Темага ынтаа койуп угуңуз.

Тема боюнча тыянак чыгарардан мурун толук маалымат алганды эстен чыгарбаңыз. Дароо эле жыйынтык чыгарбаңыз.

Көз карашыңыз менен сураган суроолоңуз, башыңызды ийкегениңиз, сүйлөөчүнүн айткандарын корутундулап, кээ бир маалыматтарды кошумчалап турсун. Телефон сыяктуу буюмдарды өчүрүү же, көздөн далда жерге катып коюу менен сүйлөп жаткан окуучуга чындап маани берип жатканыңызды көрсөтөсүз. Окуучунун сөзүнө түшүнбөй калсаңыз дароо тыянак чыгарбай, оюн айтып бүткөндөн кийин гана тактоо үчүн суроо сураңыз.

# Үлгүлүү болуштун мааниси

*"Балдар акылдуу сөздөргө кулагын жаап, үлгүлүү жүрүм-турумга көзүн ачат"*
**Питер Бурвош**

Баарынан мурун элди агартуучу катары көзгө көрүнгөн мугалимдердин үлгүлүү инсан болуусу кажет. Анкени, мугалим инсандык сапаттары, кулк-мүнөзү, кыймыл-аракети жана кесиптик ишмердиги менен коомдун бардык катмарына үлгү боло ала турган инсан.

Баланын кулк-мүнөзүнүн калыптанган учуру мектепке чейинки жана башталгыч класстарга туура келет. Баланын кулк-мүнөзүнүн калыптануусунда айлана-чөйрөсүндөгү адамдардын кулк-мүнөзү, кыймыл-аракеттери маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан ата-эне жана мугалимдер балдардан мурда өздөрүн ондоо жана өнүктүрүү аракетинде болуусу керек. Адамдык сапаттарыбыздын көпчүлүгүнүн пайдубалы балалык чагыбызда түптөлөт. Ал эми инсандык сапаттарыбызды өнүктүрүүдө идеал туткан жана суктанган адамдардын чоң таасири бар. Бала чакта окуучулар жеке сапаттарын жакшы көргөн жана суктанган адамдардын кулк-мүнөзүн, кыймыл-аракетин жана мамилелерин туурап жүрүп, калыптанат.

"Тууроо" балалык чактын эң маанилүү үйрөнүү ыкмасы болгондуктан, бала маалымат жана кеп-кеңешке караганда тажрыйбага бай, үлгүлүү мамилеге жана өрнөк адамга муктаж. Балдар бул чакта мамиленин себебине көп деле маани бербейт. Көбүнчө мамиленин натыйжасына көңүл буруп, кызыктуу көрүнгөн "маарасына" бат эле жетип алууну каалайт. Ошондуктан туура эмес, жаңылыштык менен жасалган кыймыл-аракеттер балдардын арасында бат жайылат. Балдар туура эмес кыймыл-аракеттерди да туурай беришет. Ошондуктан, сөзсүз түрдө үлгүлүү кыймыл-аракетибиз менен өрнөк инсан болуубуз зарыл.

Тарыхыбыздагы үлгүлүү адамдар жана баатырларыбыз жөнүндө айтып берүүнү да көз жаздымга калтырбоо керек. Балалык чак окуучунун өрнөк болгон идеал адам издөө мезгили болгондуктан, "менин айтканымды жаса, жасаганымды жасаба" деген тарбия бала үчүн уу сыяктуу эле тушүнүк. Мындай мамиле баладагы изилдөө, изденүү жана ишенич сыяктуу сезимдерди өнүгүшүнө жолтоо болот. Баланын башкаларга болгон ишеничин солгундатып, бир нерсе аткаруу жөндөмүн азайтат. Бала, "демек чоңдордун дүйнөсүндө эки жүздүүлүк кадыресе нерсе турбайбы?" деп кабыл ала баштайт. "Мен дагы чоңойгондо азыр жасабай турган иштерди жасасам болот окшойт" деп ойлоно баштайт.

# Абайлаңыз, сизди туурап атышат

Балдар дайыма чоңдорго байкоо жүргүзүп, аларды туурап келгендиги чындык. Окуучулар биздин жандуу күзөтчүлөрүбүз. Алар биздин жакшы жана жаман бардык тарабызды үлгү алышат. Ошондуктан мектепте кеп-кеңешке караганда жакшы мамиленин үлгүсүн көрсөтүү дагы да таасирдүү жана пайдалуу болот. Айткан кеңешин өзү да колдонгон мугалим окуучуларга да таасирдүү болот. Окуучуларыбызга жаман үлгү болгон күнү, биз өз кесибибизге кыянаттык жасаган болобуз.

Албест Швейцер (Albest Schweıteer): "Мыкты өрнөк болуу, адамдарды туура жолго багыттоонун эң мыкты ыкмасы, керек болсо, жалгыз гана чарасы болуп саналат", - деген сөздөрү менен мугалимдерге жол көрсөтөт. Өзгөчө окуучулар тарабынан сүйүлгөн мугалим бардык тараптан туурала тургандыгы анык. Окуучу жактырган мугалиминин ар бир иш аракетин, адамдарга жасаган мамилесин таасирленип карайт. Алардын калыптануусунда жүрүм-турумубуз чоң мааниге ээ. Ошондуктан, окуучуларыбызга мыкты үлгү болуу үчүн кыймыл-аракетибизге да өтө этияттык менен мамиле кылуубуз керек.

Мугалимдин өрнөк инсан болушу окуучулардын үйрөнгөн нерселерин бышыктоосуна жардам берет. Класстын ичинде жаман деп айткан нерселерди, мугалим өзү жасаса, анда ал окуучулардын көз алдында эрксиз жана күчсүз абалга түшөт. Окуучуларга таасирсиз болуп, сый-урматын жоготот. Бул абалда окуучулардын мугалимине болгон ишеними жоголот. Анан калса, кийинки сабактарда айткан сөздөрүнө окуучулардын ишенбестиги күчөйт.

Мугалим окуучуларына "башкалардын ойлоруна да сый көрсөтүү" керектигин айтып, бирок өзү окуучуларды укпай, алардын ойлорун жокко чыгарса, анда ал өрнөк мугалим боло албайт. Окуучудан катасын түшүнүп, оңолушун каалаган мугалим да окуучунун алдында өз каталарын мойнуна алып, ондой билүүсү керек. Кээ бир мугалимдер тамеки жана алкоголдун зыяндуулугун айтышат, бирок класстан чыккан соң өздөрү тамеки тартышат. Бул абал окуучуларды таң калтырат жана окуучудан талап кылынган жакшы нерседен алыстайт. Мугалим ар бир адам ага карап багытын билүүчү "компас" сыяктуу болушу зарыл. Бирок, сөздөрү менен кыймыл-аракети бир-бирине дал келбеген мугалимдер көбүнчө окуучусуна багыт көрсөтүү шансынан куру калат.

# Жакшы чөйрө түзүү зарыл



Окуучулар мектепте жалгыз гана чоңдорду, же мугалимдерди идеал тутуп албастан, бир топ кыял-жоруктарды жана кыймыл-аракеттерди классташтарынан да алары анын.

Көпчүлүктү түзгөн чөйрө чоң бир коомду иритип салуу күчүнө ээ болот. Коом адамга өзүнүн түсүн берет. Адамдар жакшы жана жаман адаттарын коомдун ичинен алышат. Ошондуктан окуучуларыбызга өзүбүз өрнөк болуу менен бирге аларга үлгүлүү идеалдар жашаган чөйрө даярдоо дагы да маанилүү. Себеби, досторубуз менен чогуу жашай турган коомду куруп жатып, кийинки жашообуздун эреже-тартибин жаратып алабыз. Адам баласынын жашоосунда чөйрөнүн канчалык таасирдүү жана маанилүү экенин ата-бабаларыбыз да баса белгилеген. "Досуңду айт, ким экениңди айтып берем", "Алма сабагынан алыс түшпөйт", "Сыныктан башканын баары жугат", ж.б.у.с.

"Мугалимдерге кеңеш" китебинен алынды. Редактору: Т.Алдакулов